Бекитемин
Т. Сатылганов атындагы №69
окуу-тарбия комплекс-
гимназиясынын директору
Атаева С. Т

**№69 ОТГКнын Кеңеши жөнүндө**
**ЖОБО**

## I. Жалпы жоболор

1. Бул жобо КРнын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, жалпы билим берүү мекемелери тууралуу жобого, №69 ОТГКнын Уставына ылайык иштелип чыкты.

2. Мектептин Кеңеши – бул мектептин өзүн-өзү башкаруусунун органы болуп, Уставка ылайык билим берүү мекемесине жетекчилик жүргүзгөн үч тараптуу өкүлчүлүктөн – мугалимдердин , ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн), окуучулардын өкүлдөрүнөн түзүлөт.

3. Мектептин Кеңешинин ишмердигинин максаты – стратегиялык документтерге - өнүгүү программасы, максаттуу программаларга жана ар кыл багыттар боюнча өнүгүү программаларына ылайык - мектептин ишмердигине жана өнүгүүсүнө жетекчилик жүргүзүү.

4. Мектеп Кеңешине жетекчилик жыйналышта шайланган төрагага жүктөлөт.

5. Мектеп Кеңешине шайланган өкүлдөр өз ишин коомдук иш катары аткарышат.

6. Бул жобого оңдоо-түзөөлөр мектептин Кеңеши тарабынан киргизилип, анын жыйналышында бекитилет.

## II. Мектеп Кеңешинин милдеттери

-мектептип ишинин жана өнүгүүсүнүн пайдалуу багыттарын аныктоо (Педагогикалык кеңеш менен биргеликте);

-мектептин өнүгүү маселелерин чечүүгө коомчулукту тартуу;

-мектептеги окутуу процессин жакшы жүргүзүү үчүн эн жагымдуу шарттарды түзүп берүү;

- өзүнүн укуктарынын чегинде окуучулардын, мектептин кызматкерлеринин мыйзамдуу укуктарын коргоо;

-окуучулар мектептин Уставын бузган учурда алардын мындан ары окуу жайда калышы-калбашына байланыштуу маселелерди чечүү;

-өзүнүн укугунун чегинде окуу процессинин катышуучуларынын ортосундагы чыр-чатактуу маселелерди чечүү;

## III. Ишмердигин уюштуруу

1. Мектеп Кеңеши үч жылга шайланат. Чечүүчү добушка ээ өкүлдөр Кеңешке ачык добуш берүү аркылуу дайындалып, II-чи жана III-чү тепкичте окугандардын жыйналышында, ата-энелердин чогулушунда, Педагогикалык кеңеште бирдей квота менен – ар бир категориядан үч адамдан шайланышат.
2. Мектеп Кеңешинин төрагасы анын жыйыналыштарын өткөрүп, токтомдоруна кол коет.
3. Мектеп Кеңешинин ишмердиги окуу жылына карата кабыл алынган план боюнча жүргүзүлөт.
4. Мектеп Кеңеши төрага тарабынан зарыл болгон учурда, бирок жылына эки жолдон кем эмес, чогултулат. Мектеп Кеңешинин кезексиз жыйналышы анын курамынын үчтөн биринин, II-чи жана III-чү тепкичте окугандардын жыйналышынын, ата-энелердин чогулушунун, Педагогикалык кеңештин, мектептин директорунун талабы боюнча өткөрүлөт.
5. Мектеп Кеңешинин чечимдери анын жыйналышына мектеп Кеңешинин мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышып жана ага катышкандардын үчтөн экисинен кем эмес добуш берилип, добуш бергендердин арасында мектеп Кеңешине мүчө болгон категориялардын өкүлдөрү тең катышса укуктуу деп эсептелет.
6. Добуш берүү жараяны мектеп Кеңеши тарабынан аныкталат.
7. Мектеп Кеңешинин чечимдери жалпы жамаатка жыйналыш өткөн соң үч күндөн кем эмес мөөнөттө жеткирилиши керек.

## IV. Мектеп Кеңешинин укуктары

-мектептин өнүгүү планын бекитүү;
-иштелип чыккан өнүгүү программаларын жана мектептин ишмердигинин пайдалуу багыттарын бекитүү;
-окуучуларды мектеп чыгаруу боюнча чечимди кабыл алуу;
-мектепти өнүктүрүү маселелери боюнча ар кайсы административдик органдарга, коомдук уюмдарга, окуу жайларга, менчиктин ар кыл түрүндөгү мекеме жана уюмдарына жолдомо, каттарды даярдоо жана жиберүү;
-окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен алар тарабынан мыйзамдуулукка, Уставка жана мектептин ар кыл актыларына ылайык коюлган милдеттемелерди аткаруу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү;
-мектептин Уставына ылайык локалдуу актыларды чыгаруу;
-мектептин Уставы боюнча Кеңештин карамагына берилген башка маселелерди чечүү.

## V. Мектеп Кеңешинин иш кагаздары жана отчеттору

1. Мектеп Кеңешинин ишмердигин уюштуруу үчүн негизги документтер:

-тармактык нормативдик-укуктук документтер;

-мектептин Уставы жана локалдык актылары;

-мектептин өнүгүү программасы;

-мектептик комплекстик-максаттык программалары;

-мектеп Кеңешинин окуу жылга болгон иш планы;

-мектеп Кеңешинин жыйналыштарынын протоколдору.

2. Мектеп Кеңешинин төрагасы жаңы окуу жылдын башталышында мектеп Кеңешинин өткөн жылдагы ишмердиги боюнча педагогикалык жамааттын, ата-энелер жамааты жана коомчулугу, окуучулардын алдында отчет берет.